**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн А.С. Джаманбаев атындагы Жаратылыш байлыктары институтунун (КР УИА ТБ ЖБИ) Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунун**

# № 1 ПРОТОКОЛУ

Ош шаары 2023-жылдын 3-февралы

**Төрага:** КРнын УИАнын мүчө-корр., т.и.д., проф. Абидов А.О. – директордун м.а.

**Катчы:** Абдуллаева М.П., окумуштуу катчынын м.а.

**Катышты:** ф.-м.и.д., проф. Ташполотов Ы. – "КТМ" лабораториясынын башчысы;
д.т.н., проф. Абдуллаева М.Д. – "ЭТЭБ" лаб-н башчысы;
д.т.н., проф. Исманов М.М. – "ЖТТС" лаб-н ж.и.к.;
т.и.к., доцент Калдыбаев Н.А. – «ЖТТС» лаб-н башчысы;
т.и.к. Шайдуллаев Р.Б. – «КГ» лаб-н башчысы;
Сабиров Б.З. – "ОБККИЧ" лаб-н башчысы;
Токтоназаров С.Т. – «Технолог» ИӨБ башчысы;
т.и.к., доцент Садыков Э. – "КТМ" лаб-н у.и.к.;
т.и.к. Абдалиев У.К. – "КТжМ" лаб-н у.и.к.;
т.и.к., доцент Саткулов Т.Т. – "ЭТЭБ" лаб-н у.и.к.;
Мамазаирова С.Ж. – кадрлар бөлүмүнүн улук инспектору.

**Баары:** 13 кызматкер

**Күн тартибинде:**

**1.** 2023-жылга Институттун Окмуштуулар кеңешинин иш планын бекитүү.
**2.** 2023-жылга пландалган иш-чараларды (семинар, тегерек стол, конференция ж.б.) талкуулоо жана жооптуу кызматкерлерди бекитүү (баяндамачы: институттун директору, КР УИАнын мүчө-корр., т.и.д., профессор Абидов А.О.).
**3.** Ош шаары жаңы Ош облусу боюнча ишканаларын кыдырып, чарбалык келишимдерди түзүү маселеси боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнү пландаштыруу.
**4.** Ар түрдүү маселелер.

Отурумду Окумуштуулар кеңешинин төрагасы КР УИА мүчө-корр. т.и.д., проф. А.О. Абидов алып барды. Күн тартиби тааныштырылып, колго салынды. Бир добуштан колдоого алынды.

**Угулду**: Биринчи маселе боюнча төрага, профессор Абидов А.О. сөз сүйлөдү: - Урматтуу ОКнын мүчөлөрү, 2023-жылга Институттун Окмуштуулар кеңешинин иш планы ар бириңиздердин эл. даректериңиздерге институттун окумуштуу катчысы Миргүл Пазылбековна тарабынан жөнөтүлгөн. Карап чыктыңыздар деп ойлойм,